*УДК 316.334.3.(575.2)*

***Б.Т. Сейитбаев,***
*К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин саясат таануу жана укук дисциплиналары кафедрасынын башчысы, саясий илимдеринин кандидаты, доцент*
***Г.О. Ибраимова,***
*К. Карасаев атындагы БГУнун магистранты*

# ТРАЙБАЛИЗМ МЕНЕН НЕПОТИЗМДИН РЕВОЛЮЦИЯЛЫК КЫРДААЛДЫН ТҮЗҮЛҮШҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРЛЕРИ

***Аннотация:*** *Аталган макалада мамлекетибиздин көз карандысыздык мезгилиндеги кыргыз элинде кездешкен трайбализм жана непотизм феномендеринин революциялык кырдаалдын түзүлүшүнө тийгизген таасирлери талдоого алынат.*

***Түйүндүү сөздөр***: *мамлекет, саясат, трайбализм, непотизм, кландуулук, патронаждык-клиенталдык мамиле, революция;*

***Аннотация: В данной статье анализируются влияния на революционную ситуацию таких феноменов как трайбализм и непотизм встречающиеся у кыргызского народа в годы независимости государства.***

***Ключевые слова:*** *государство, политика, трайбализм, непотизм, клановость, патронажно-клиентальные отношения, революция.*

*In this article analyzes the influence on the revolutionary situation of such phenomena as tribalism and nepotism. Which occur in the Kyrgyz people during the years of independence of the state*

***Key words:*** *state, policy, tribalism, nepotism, plannishness, patronage-client relationship revolution*

Кыргыз элинин көз карандысыздыкка жетишүүсү менен кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусунун башаты Кыргызстандын экс-президенти Аскар Акаевдин башкаруу мезгилине туш келди. Ал тарабынан жүргүзүлгөн демократиялык реформалардын аракеттери республикабыздагы саясий кландуулуктун калыптанышына, жарандардагы уруучулук жана чөлкөмчүлдүк иденттүүлүктүн күч алып, курчушуна негиз түздү. Улуттукаң-сезимдинөсүшүсалттыкмаңызга негизделген иденттүүлүк уруучулук, кландуулук жана чөлкөмчүлдүк сыяктуу терс көрүнүштөрдүн ашынып кетишине түрткү берди. Мунун баардыгы социалдык-экономикалык кыйынчылык менен саясий кризистин коштоосунда болду.

Тарыхый мезгилге токтолсок, 90 жылдарынын башында 12 саясий партия жана бир нече коомдук-саясий кыймылдар каттоодон өтүүгө жетише алышкан эле. Бирок, Акаевдин башкаруу учурундагы 1995-жылдары жана 2000-жылдардагы Жогорку Кеңешке болгон шайлоолордо республикабыздагы саясий оппозиция толук деңгээлде калыптана элек болчу. Ошол мезгилдердеги парламенттик шайлоолордо партиялар жеке инсандардын гана кызыкчылыгын коргогондуктан, шайлоочулардын добушун сатып алуу жана коррупциялык схемалар менен коштолду. Натыйжада, коррупцияга негизделген кландуулук, айрым жерлерде ири уруулардын ортосундагы генеалогиялык тирешүүлөргө чейин алып келди. Мисалга алсак, Таластагы кушчу-саруу тирешүүлөрүн белгилеп кетүүгө болот. Кыргыз коомчулугундагы уруучулук фаворитизм, ошол мезгилде мамлекеттин деңгээлге чейин жетүүгө үлгүрдү. Ал тургай, Президенттин генеалогиялык тамырынын келип чыгышынын териштирүүгө чейин баруу да актуалдуу мааниге ээ болуп, ошого таянуу менен саясий элитанын абройун көтөрүүгө аракет жасалган кошкөйлүк мамилелер күч ала баштады.

Негизинен, өткөөл мезгилдин алгач мезгилинде биринчи кезекте уруучулуктан да сырткары жердешчилик күч ала баштагандыгы баардыгыбызга маалым, жана анын таасири кеңири тараганы көп фактылар аркылуу коомчулукка белгилүү. Ушуга ылайык, айрым партиялар, жердешчилик, уруучулук топтордун кызыкчылыгын коргой баштоо менен, чөлкөмчүлдүк идентүүлүктү да күчөтө баштады. Бул процесстин өзгөчө Кытайга берилип кеткен Үзөңгү-Кууш маселесине тийгизген терс таасиринин натыйжасында, Аксы окуясына түрткү берип, саясий бийликтегилердин кадр саясатындагы Түндүк – Түштүк мамилесин курчутууга алып келди. Мындан сырткары, бийлик бөлүштүрүүдөгү Түндүк-Түштүк маселесинин курчушу, чөлкөмдөрдүн ичиндеги келишпестиктерге жана уруулар ортосундагы жагымсыз тирешүүлөргө түрткү болуп, жалпы кыргыз элинин идентүүлүк тамырына сокку берди.

Салттуу коомдун анык тамырын түзгөн жамааттык аң сезимдин, жеке аң сезимден жогору турушу уруучулук деңгээлдеги биримдиктин күчтүү фактору катары, этноидентүүлүк баскычтагы ар түрдүү идентүүлүктүн кеңири таралышына негиз болду. Уруу-

чулук иденттүүлүктөгү патронаждык-клиенталдык мамилелердин күчөшү «өз киши» жана «жат киши» принцибине басым кылууга алып келип, уруучулук, чөлкөмчүлдүктүн негизинде адамдар саясий топтордун алкагында трайбализм мамилелерин чыңдады.

Ал эми, саясаттын идеологиялык вакуумунун боштугун кландуулукка, чөлкөмчүлдүккө, уруучулук-тууганчылыкка негизделген иденттешүү менен непотизм жана патронаждык клиенталдык мамилелелер сыяктуу терс көрүнүштөр коштоп, жогорудан төмөндү карай уруучулук-кландык принципте калыптанган бийлик, айрым бир кландын колдоосуна ээ болгон чиновниктердин бийликтеринин көзөмөлдөн чыгуусуна, бийлик вертикалындагы коррупциянын күчөшүнө алып келди.

Белгилей кетсек, социологиялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарына караганда Республикабыздын биринчи Президентинин башкаруу мезгилиндеги акыркы 4 жылдагы эң эле көйгөйлүү маселелердин орчундуусу катары респонденттердин 43% - социалдык проблемаларды – жакырчылык, жашоо деңгээлинин өтө начарлашып кетишин, жумушсуздуктун өсүшүнөн калктын арасындагы ички жана тышкы миграциянын күч алышын белгилешкен. Респонденттерибиздин 23% экономикалык кризиске түрткү болгон өнөр жай тармагынын өнүкпөй калышын, ошону менен бирге өнөр жай менен айыл чарбасына мамлекеттин кайдыгерлигин баса көрсөтүшкөн. Сурамжылангандардын ушул суроого берилген ачык жоопторунан бийлик башындагылардын айыл чарбасына көңүл бурбай, натыйжада жер иштетүүдөгү технологиялардын сакталбай жер кыртышынын бузулуп түшүмдүүлүктүн начарлашы, үрөн, жер семирткич, айыл чарба техникаларынын жана жер семирткичтин жетишсиздиги, күйүүчү майдын кымбаттыгынан дыйкандар оор абалда калгандыгын билүүгө болот. Респонденттердин айтканына караганда, дыйкандар тарабынан өндүрүлгөн продукцияларды ыңгайлуу баада сатууга мүмкүнчүлүк жоктугун, ушул маселени чечүүгө бийлик тарабынан аларга жардам көрсөтүлбөй, тескерисинче экс-президенттин үй-бүлө мүчөлөрү менен жакындары тарабынан арзан баада сатып алууда пахта, тамеки төө буурчак сыяктуу айыл-чарба продукцияларына монополизациянын күчөшү көйгөйлүү маселени курчутууга түрткү берген.

Албетте, айыл чарба министрлиги өз ишине кайдыгер мамиле жасап техника, үрөн, жер семирткичтер менен ыңгайлуу баада камсыз кылып, дыйкандар эмнени өндүрсө ыңгайлуу баада сатуу боло тургандыгын көрсөткөн координациялык иштерди жасашса элдин турмушу бир аз оңолоор беле. Тескерисинче ыңгайлуу кредиттер менен гранттарды бийлик ээлеринин жана алардын жакындарынын кызыкчылыктарына пайдаланып келишти. Ушунун баардыгы коррупцияга шарт түзгөндүгүн респонденттерибиздин 19% аныкташат. Албетте биринен экинчисин пайда кылган көйгөйлүү маселелер бийликтин өзүнөн баштап мыйзамдарды аткарбай келишине, кадр саясатындагы кландуулуктун күчөшүнө, кылмыштуулуктун күчөшүнө түрткү берип, анын баардыгы биригип коомдогу саясий туруксуздуктун күчөшүнө түрткү бербедиби. Буга далил катары респонденттерибиздин 15%нын пикирин белгилесек болот [5, 10].

Ушул жогоруда респонденттерибиз белгилешкен көйгөйлүү маселелердин баардыгы - жакырчылык, экономикалык кризис, жумушсуздуктан калктын миграцияланышы жана революциялык кырдаалдын түзүлүшүнө шарт түздү, эл жаңыча жашагысы келсе бийликтегилер эскиче башкара бергиси келип аткаминерлер кландуулук менен коррупцияга чырмалышты. Кылмыштуу топтордун мамлекеттик ишке аралашына бул да болсо түрткү берди. Анын саркындысы ыңкылаптан кийинки учурларга да таасирин тийгизбей койгон жок.

Мамлекеттин саясий системасында адамдардын топ топко, партияларга биригүүсү жалпы жонунан прогрессивдүү процесс. Бирок канчалык топтордун (партиялардын) саны көп болсо, ошончо мамлекеттин ичинде коомчулуктун идентүүлүк негизги факторлоруна мамилелердин бирдей эместиги дадилденет. Себеби, саясий күчтөрдүн ич ара таймашуудан тышкары, карама-каршылыктын күчөшүнө, ар түрдүү көз караштардын негизинде келишпестикке, кагылышууга алып келери белгилүү. Ушундай кырдаалда мамлекеттик бийликтегилердин партиялардын саясий багытын пайдаланууга болгон аракеттеринин натыйжасында өкмөттүк - А. Акаевдин тушундагы «Алга Кыргызстан», К. Бакиевдин тушундагы «Ак-Жол» партияларынын жасалма түрүндө түзүлүп коомчулукка таңууланышына алып келди. Мындай аракет, мамлекеттик бийлик тарабынан жалпы улуттук идентүүлүккө алып келүүгө шарт түзбөстөн, саясий бийликтин пайдубалын оппозицияга каршы бекемдөөгө аракет жасалды.

Мамлекеттин турмушунда саясий принциптердин, баалуулуктардын жалпы калктын кызыкчылыгына, муктаждыгына багытталганда коомчулук элдин бirimдигин этноидентүүлүктүн тамырында сактап кийинки муундарга күчтүү, бирдиктүү саясий идеологияны тартуулаганга өбөлгө түзөт эле. Тескерисинче, оппозициялык партиялардын күчүн алсыздандыруу максатындагы, саясий бийликтин пайдубалын бекемдөөгө карата түзүлгөн партиялардын негизинде «жасалма иденттүүлүктү» таңуулоого болгон аракет, бийлик партияларына эл ишенимин начарлатып, социалдык базасынын алсызданышына алып келди. Андан да, элдин калың катмарын өтө жакырлантуу, паракордуктун кеңири таралышы, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануусу өңдүү терс көрүнүштөр массалык аң-сезимин оппозиция багытына күч алгандыгы белгиленди.

Ал эми, саясаттын идеологиялык вакуумунун боштугун кландуулукка, чөлкөмчүлдүккө, уруучулук-тууганчылыкка негизделген иденттешүү менен непотизм жана патронаждык клиенталдык мамилелелер сыяктуу терс көрүнүштөр коштоп турду. Ошону менен бирге, жогорудан төмөндү карай уруучулук-кландык принципте калыптанган бийлик бир чети, коомдун саясий жана экономикалык турмушунун туруктуулугун сактоого аракет жасаса, экинчи жагынан айрым бир кландын колдоосуна ээ болгон чиновниктердин бийликтеринин көзөмөлдөн чыгуусуна, бийлик вертикалындагы коррупциянын күчөшүнө алып келди.

Ушуга байланыштуу, өлкөбүздүн социалдык-экономикалык чөйрөсүндөгү уруучулук иденттешүүдөгү клиенталдык-кландык байланыштардын бир нече моделин белгилей кетсек болот.

Биринчи модель көбүнчө традициялык мамилелердеги түздөн-түз административдик-командалык жөнгө салуу менен бюрократиялык фаворитизмге негизделет. Мисалы 1991–92-жылдардагы жер ресурстарын бөлүштүрүүдөгү программаларды ишке ашырууда губернаторлор кайсы колхоз менен совхоздор рентабелдүү эмес жана алардын жерин бөлүштүрүүдө кимге канча берүү керек экендигин чечүүдөгү чексиз укуктарга ээ болушкан. Жарым жыл өткөндөн кийин анын терс таасирлери оркоюп чыгып калды да, ошол эле чиновниктер таратылып кеткен колхоздорду калыбына келтиребиз деп рентабелдүү фермердик чарбаларды толугу менен талкалай баштакан.

Экинчи модель патронаждык-клиенталдык мамилелердин өсүп-өнүгүүсүндөгү бийликтин менчикке айланууcунда. Бул модель мамлекеттик заказдарды берүүдө менчиктештирүү аукциондорун өткөрүүдө лицензияларды берүүдө, отун ресурстарын монополиялоодогу амалкөйлүккө жана ошондой эле ортомчулук кызматтарына байланыштуу. Кирешелүү мамлекеттик ишканаларды саясий жана бюрократиялык элиталардан турган өнөктөштөр аркылуу төмөнкү баада менчикке чыгарып берүү да ушуга кирет. Мындай тажрыйба экономикалык жана административдик номенклатуранын колуна байлыктын өтүшүнө жакшы шарттарды түздү [9,161-162].

Үчүнчү модель патронаждык-клиенталдык мамилелердин өркүндөп өсүүсү чет элдик жардамга келген инвестицияларды бөлүштүрүү менен аны ээлеп калууга байланыштуу.

Буга 2005-жылдагы март окуясына чейин бийликтин жогорку эшелонунда түндүк кландын өкүлдөрү, түштүктүкүнө караганда бир нече эсе көп орунду ээлеп келгендиги күбө боло алат. Алып карасак, 2000-жылдардын башында республиканын баардык күч курамын, өкмөттүн экономикалык тармактарын, президенттик аппараттын даражалуу орундарын, бизнестин негизги чөйрөлөрүн А. Акаевди жактаган түндүк кландын өкүлдөрү түзүшкөн. Бул бийлик пирамидасын Акаевдердин үй-бүлөлүк кланы башкарып, алардын көзөмөлүндө алтын жана башка пайдалуу кендерди иштетүү, сатуу кирип, андан сырткары Бишкектеги кирешелүү ишканалар менен престиждүү дүкөндөр жана соода борборлоруна ээлик кылышкан. Улуу кызы Бермет Акаеванын күйөөсү Адиль Тойгонбаев спирт ичимдиктерин өндүрүп чыгаруучу ишканалардын негизгилерин көзөмөлдөп турган. Президенттин уулу Айдар Акаев мунайзаттарды сатууну көзөмөлдөгөн. А. Акаев өзүнүн кланын келечекке карап бекемдеш максатында “үй-бүлөлүк” “Алга, Кыргызстан” саясий партиясын түзүп, балдары Бермет менен Айдарды чоң саясатка акырындык менен алып барууга шарт түзө баштаган [8,21-22].

Саясат талдоочу З. Тодуа, А.Акаевдин түштүктүктөрдүн гана кызыкчылыгына кайдыгерлик кылбастан, башка уруулардан турган түндүктүктөргө да көңүл буруп, бөлүшүү керектигин, компромисске баруу менен чөлкөмдөрдүн ортосундагы карама-каршылыктарды жымсалдоо керек экендигин ага бир нече жолу эскертип келишкендигин айтат. Бирок тилекке каршы, анын 15 жыл башкаруусунда кландардын арасындагы келишпестиктерден чыгууга, же болбосо жок дегенде эле түштүк областтарынын артта калуусун жоюуга эч кандай олуттуу кадам шилтенбегендигин, ушунун баары анын режиминин кулашына алып келгендигин белгилеп кеткен [8,22].

Бирок, тилекке каршы ушул саясат таануучулардын сунуштарын эске албастан мурдагы президенттин катачылыгын аша чаап кайталаган, өлкөбүздүн экинчи президенти К. Бакиев да кландуулуктан аша чаап непотизм саясатын жүргүзүп, кандаш бир туугандары менен балдарын жогорку бийликке алып келгендигинин натыйжасында кандуу жол менен бийликтен кулады [11].

2005-жылдагы март ыңкылабынын натыйжасында бийликке келген К. Бакиев мурдагы президентин кадр маселесиндеги катачылыктарын аша чаап кайталап, ичкиликтерди гана бийликке тартып тим болбостон, уруучулуктан аша чаап непотизм [12,74] саясатын жүргүзүп, өз бир тууганлары менен балдарын мамлекетти башкарууга аралаштыргандыгы менен бүткүл дүйнөгө атагы чыкты. К.Бакиевдин башкаруу мезгилинде ЦАРИ аркылуу өлкөнү чексиз башкарган баласы Максим Бакиевден сырткары, бийликке көбүнэсе анын Жалалабад областындагы жакын туугандары тартылып келди, айта кетсек Сузактык уруусу боюнча мундуз, а бирок айрым маалыматтарга караганда Президентке жээн Т.Калимбетова социалдык маселе боюнча вице-премьерлик кызматка чейин көтөрүлдү, кудалары К.Конгантиев Башкы прокурорлукка чейин көтөрүлсө, ал эми анын иниси М. Конгантиев Ички иштер министрлигин жетектеди, ал эми дагы бир жакын тууганы Б. Калыев Коргоо министрлигин башкарды. Бир тууган инилери – Жаныбек Бакиев президенттин сакчылыгынын башчысы, Марат Бакиев Кыргызстандын Германиядагы элчиси, Адыл Бакиев Кыргызстандын Кытайдагы элчисинин кеңешчиси, улуу баласы Марат Бакиев Улуттук коопсуздук кызматынын кеңешчиси кызматтарын ээлеп келишти. Кыскасы бир тууганларынын баардыгы тең куру калбастан Айыл өкмөтүнөн тартып Элчилик кызматка чейинки даражаларга жетишип, мамлекеттик бийликте патронаждык клиенталдык мамилени андан да жогору өнүктүрүү менен мамлекеттик кызмат тууралуу мыйзам одоно бузулду [12,74]. Каршы чыккандар куугунтукка алынышып, айрымдары жок кылынды. Ушунун баардыгы кландуулук менен коррупциянын өркүндөтүп мамлекетти терең экономикалык жана саясий кризиске алып келип такады. Акыр аягында чыдабаган эл 7-апрелде Бакиевдин “үй-бүлөлүк” бийлигин кулатты. Ушунун баардыгы эл арасындагы этникалык келишпестиктерге да түрткү берип 2010-жылдын май-июнь айларында коомдогу дестабилдүүлүккө түрткү берди. Жердешчилдик аң-сезимди козутууга болгон аракеттер ишке ашпаган соң, контрреволюциячыл күчтөрдүн бийлик үчүн болгон аракеттери түштүктөгү өзбек кыргыз улутунун ортосундагы жаңжалдарды күчөттү.

Ошентип, Республикабыздын алгачкы эки президенттери башкарган мезгилиндеги демократиялык реформалоонун кыйрашы, эл ишениминин акталбашы, кеңири жайылган кландуулук, коррупция, айлана тегерегине урук-тууганларын, жакындарын чогултуп алышы сыяктуу жагдайлардын кесепеттеринен президенттик институт өзүнүн натыйжалуулугун көрсөтө алган жок. Ошондуктан Кыргызстандын социалдык-экономикалык, коомдук-саясий өнүгүүсүнүн алгачкы этабы, анын натыйжалуу ички булактарын табууну жана ишке ашырылуучу модернизациялануу долбоорун иштиктүү, оптималдуу багыттарын анык-

тоону, өткөөл мезгилдин социалдык-саясий стратегиясын кайра иштеп чыгуунун зарылдыгын көрсөттү.

Трайбализмдин тамырындагы "мен киммин", "биз кимбиз", "кимдер менен биздин идентүүлүк тамырыбыз бар?" "кимдер менен айырмабыз бар?" деген суроолор азыркы мезгилде абдан терең, кенири изилдөөгө түрткү берип, бир топ илимий багыттын изилдөөчүлөрүнүн көңүлүн бурууда. Ошондуктан, азыркы замандын шартында уруучулук маселеси менен андагы саясий күчтөрдүн, элитанын ордун, маани-маңызын, калыптанып өнүгүүсүн, калктын калың катмарынын саясатташып баратканын изилдеп иликтедик. Мындай кырдаалда этноидентүүлүк проблематикасынын актуалдуулугу күчөп, саясий идентүүлүк илимий багыттагы чоң көйгөйлүү маселесине айланганы эл ичиндеги биримдик факторлорун аныктоону талап кылат.

Идентүүлүктүн башаты, белгилүү жапон ойчулу Фукуяма таамай айткандай баштан эле эмес, жүрөктөн келип чыгат [13] дегени акыл-эс, аң-сезим, кан-тамыр менен байланыштыгын тастыктайт. Ошондуктан, тарыхый жолунда кандай гана кыйынчылыктарды баштан өткөрүп, тагдырдын татаал турмушуна багынбай келген элдин өткөөл мезгилдеги көйгөйлөргө карабастан, мамлекеттин бүтүндүгүн камсыз кылганга кудурети жетери шексиз. Тарыхый идентүүлүктүн тамыры кыргыз элинин биримдигин, мамлекеттүүлүгүн түзүп, сактап, муундан муунга этно-маданий баалуулуктарды тартуулоо менен, жаштардын келечегинде туура багыт көрсөткөнгө, бийлик маселесиндеги цивилдик принципиалдуулукка жетишкенге умтулуубуз абзел.

***Адабияттар***

*1. Болпонова А. История и эволюция клановой системы в политических процессах кыргызского общества (XIX-XXI вв.). –Б., 2013. –284 б.*

*2. Джусупбеков А.К., Кыдыралиева М.Р. Трайбализм постномадов. –Б., 2017. -136 с.*

*3. Исаев К. 2005-жыл Кыргызстандын кайра жаңылануусунун башаты. –Б.:"Шам", 2005. -296 б.*

*4. Исаев К. Коом жана ыңкылап. –Б., 2011. –222 б.*

*5. Исаев К., Сейитбаев Б.Т. Шайлоо өткөндөн кийинки социологиялык изилдөө: электораттын шайлоого карата жарандык маанайы./ "Вестник БГУ"- Б., 2006. -№1(5). -9-18 бет.*

*6. Исаев К., Сейитбаев Б.Т.Саясий элита: коомдогу бедели, социологиясы. –Б.:Maxprint, 2014. -516 б.*

*7. Сейитбаев Б.Т., Кокомбаев Б.Т. Жарандык коомдун, улуттун калыптанышындагы мамлекеттик жана партиялык саясаттардын орду./Жаран кантип идентешет? Жооптуу ред. Проф.Исаев К.И. –Б.: Maxprint, 2014. –Б.91-112.*

*8. Тодуа З. Кыргызстан: причины, уроки, возможные последствия падения режима Аскара Акаева // Центральная Азия и Кавказ. -2005. №3 (39). – Б. 21-22.*

*9. Ханин В. Кыргызстан: этнический плюрализм и политические конфликты// Центральная Азия и Кавказ. -2000. №3 (9). Б.161-162.*

*10.Кыргыз тилинин сөздүгү / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. –Б.: "AVRASYA JAYNCILIK", 2010.*

*11.Отунбаева Р. Бакиев жоопкерчиликтен кача албайт/ www.azattyk. Kg. 14.04.2010;*

*12.Брюс Панниер. Бакиев продолжает политику непотизма, который был причиной краха Акаева /http:// www.pravda.kg/cppanel.php?mod=addnews&action=addnews; Закон Кыргызской республики О государственной службе от 11 августа 2004 г. №114, статья 11, п.7, 9.// Методическое пособие для тренеров по применению Руководства по продвижению гендерного равенства в Кыргызстане.-Б.74.*

*13.Fukuyama F. Identity and Migration // Prospect Magazine. – 2007. – 25 February. – № 131. – Режим доступа: http:// www.prospectmagazine.co.uk/2007/02/identityandmigration/, свободный. Проверено : 5.10.2011.*